УДК: 141.319.8

*Бекбоев А.А., филос.и.д., профессор, КР ЭСМА*
*Акматов Ө.С., филос.и.к., доцент, ОшМУ*

# СОЦИАЛДЫК ИШТЕРДИН КЕСИПТИК ЭТИКАСЫНДАГЫ ИНСАНДЫК СУБЪЕКТИВДҮҮЛҮК МАСЕЛЕСИ

# ПРОБЛЕМЫ ЛИЧНОСТНОЙ СУБЪЕКТИВНОСТИ В ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ ЭТИКЕ СОЦИАЛЬНОЙ РАБОТЫ

# QUESTIONS OF PERSONALITY SUBJECTIVITY IN PROFESSIONAL ETHICS OF SOCIAL ACTIVITY

***Аннотация:*** *Макалада социалдык иштердин кесиптик этикасындагы инсандык субъективдүүлүк маселесинин социомаданий маанилүүлүгү каралат. Анда: инсандык этикалык аң-сезим, этикалык сезим, этикалык рефлексия, этикалык интуиция, этикалык чечим этикалык мамиленин, же жүрүм-турумдун субъектиси катары чечмеленет.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *кесиптик этика, социалдык иштердин кесиптик этикасы, инсандык субъективдүүлүк.*

***Аннотация:*** *В статье анализируется социокультурное значение проблемы личностной субъективности в профессиональной этике социальной работы. В ней рассматриваются этическое сознание, этическое чувство, этическая рефлексия, этическая интуиция, этическое решение – как субъект этических отношений и этических поведения.*

***Ключевые слова:*** *профессиональная этика, профессиональная этика социальной работы, субъективность лчности.*

***Abstract:*** *This article is analyings socio-cultural significance of personal subjectivity problem in the professional ethics of social work. It considers ethical consciousness, ethical feeling, ethical reflection, ethical intuition, ethical decision-as the subject of ethical relations and ethical behavior.*

***Key words:*** *professional ethics, professional ethics of social work, subjectivity of practicality.*

Адам – биосоциалдык жана рухий байлык. Мына ушул аспектилердин маңызында этика – социалдык мамилелерди жөнгө салуучу маанилүү социомаданий кубулуш. Ал адамдардын социалдык практикасынын натыйжасында калыптануучу адаттагы моралдык аң-сезимди, моралдык мамилелерди, моралдык жүрүм-турумду теориялык жана практикалык жагдайларды аксиологиялык жана праксиологиялык ракурста жөндөштүрүүгө жетишкен. Мында мораль түшүнүгү коомдук аң-сезимдеги императив менен чектелгендей сыяктанат. Ошондуктан так көрсөтмө схемалардан өзгөчөлөнүп адеп түшүнүгү белгилүү обьективдүү шарттарга ылайык чыгармачылыктуу мамиле жасоону талап кылат. Адептик түшүнүгү көбүнесе моралдын практикалык аткарылышынан көрүнөт. Ал эми моралдык жоболордун жеке адам тарабынан аткарылышы зордук-зомбулуктан, мажбурлоодон, аргасыздыктан эмес, чыныгы ниеттенүүчүлүк, эрктүүлүк менен эриш-аркак жүргөндө гана нагыз адепке айланат. “Эгерде мораль атайын белгиленген социалдык нормалардын, сырткы психологиялык таасирлердин, көзөмөлдөөнүн, коомдук сын-пикирлердин – моралдык императивдин жардамы аркылуу адамдар арасындагы мамилелердин жана жүрүм-турумдун бардык жагдайларын жөнгө салып турган болсо, «адептик» түшүнүгү коомдук жана жалпы адамзаттык талаптар менен жеке адамдын мамилелик аракеттеринин шайкеш келишинен көрүнөт. Анда жеке адамдын ички мотивдери, эркиндиги, демилгелери, чыгармачылыгы, коомдук аң-сезим менен керт аң-сезимдин ортосунда изгиликтерди жаратуу, жакшылыктарга ниеттенүүчүлүк, каалоочулук, умтулуучулук сыяктуу ички психологиялык жана сырткы мамилелик процесстердин биримдиги камтылып турат” [1].

Ал эми адамдагы чыныгы ниеттенүүчүлүк менен эрктүүлүктүн эриш-аркак жүрүшү инсандык субьективдүүлүктүн деңгээлине: анын интеллектик жана сезимдик-интуициялык рефлексиясына ылайык ишке ашат. Белгилүү философ И.Канттын төмөнкү пикири бул ойду ырастай алат: «Поступай так, чтобы всегда относился к человечеству и в своем лице, и в

лице всякого другого так же, как к цели, и никогда не относился бы к нему только как к средству» [2].

Этика – иликтөө объектиси мораль болуп саналуучу философиялык илим катары калыптануу менен, өзүнүн социалдык эволюциясында коомдук түрдүү ишмердүүлүктөргө ылайык тармакталып, кесиптик даражада өнүгүп келген. Ал эми этиканын мындай өнүгүүсү түздөн-түз кесиптик этика маселеси менен байланыштуу.

Кесиптик этика – адамдар ортосундагы кесипчилик ишмердүүлүктөргө, иш-аракеттерге жана мамилелерге карата келип чыгуучу адептик маңызды камсыздоочу жүрүм-турум эрежелери, же расмий түрдө кабыл алынган этикалык кодекстер [3]. Ал моралдык талаптардын жалпы мүнөзүнө жана жамааттын, же коомдун бирдиктүү моралынын болушуна карабастан, кесипчилик иш-аракеттердин алкагына тийиштүү жүрүм-турумдун спецификалык айырмалуу нормаларын өзүнө камтыйт. Мындай эрежелер менен кодекстердин пайда болушу жана өнүгүшү адамзаттын адептик социомаданий прогрессинин багыттарынын бири болуп саналат. Анткени, алар инсандык баалуулуктардын өскөндүгүн чагылдырат жана адамдардын ортосундагы мамилелердин гумандуулугун бекемдейт.

Цивилизациялуу коомдордо андай кодекстер түрдүү кесиптердин кызыкчылыктарын коргогон жана эмгек жамааты менен жеке адамдардын кызыкчылыктарын бири-бирине шайкеш койгон, кесиптин бөтөнчө формаларын жана уюмдарын атайын көңүл борборуна алган коомдук турмуштун маанилүү факторлору тарабынан өзгөртүлүп туруучу таасирге ээ. Тигил, же бул кесиптин өкүлдөрүнүн эмгектик кадыр-баркы жана кызыкчылыктары түпкүлүгүндө алар өздөрүнүн иш-аракетинде адептиктин жалпы принциптерин, өз эмгегинин бөтөнчөлүгүнө ылайыкташтырып, аны ырааттуу ишке ашыра тургандыгы менен бекемделет.

Кесиптик этика – адептик түшүнүгү моралдык жоопкерчиликти жогорулатылган даражада зарыл керектөөчүлүк менен андагы жүрүм-турумдун кээ бир кошумча нормаларынан келип чыгуучу парыздын зарылчылыгынан өсүп олтурат. Тарыхый тажрыйба далилдегендей, баарынан мурда медициналык, юридикалык, педагогикалык, илимий, журналистик, көркөм-чыгармачылык иш-аракетте ж.б.у.с. кесиптик багыттарда адистин эмгеги формалдуу так схемалар менен сыйышпайт Ал эми анын натыйжалуулугу адамдын ден соолугунун абалы, рухий дүйнөсү анын коомдогу орду, эмгектик, же кесиптик жөндөмдүүлүгү менен иштиктүүлүгү ж.б. ушуларга байланыштуу болгон инсандык субьективдүүлүктүн алкагында ишке ашат. Ал чөйрөлөрдө кесипчилдик милдеттерди ийгиликтүү аткаруу адистердин квалификациялык компетенттүүлүгүн, алардын өздөрүнүн моралдык жоопкерчилигин терең сезип-туя билиши менен, өздөрүнүн кесипчилик парызын кынтыксыз аткарууга даяр туруучулугу менен бириктирүүнү көздөйт. Ойду бекемдөө үчүн төмөнкүлөргө токтолуп өтөлү.

Врачтык этиканын негизги маңызында кызматкердин эмгегинин гумандуу максаты жөнүндөгү салт болуп калган түшүнүктөр жатат. Врач өзүнүн иш-аракеттеринде оорулуу адамдын дене жана рухий саламаттыгына кам көрүүнү жетекчиликке алууга, бул учурда түрдүү кыйынчылыктарга, ал эми өтө оор кырдаалдарда өзүнүн коопсуздугуна да карабай аракеттенүүсү талап кылынат. Ошондуктан ар кандай согуштук кырдаалдарда да, медицина кызматкерлери жоопкерчиликтүү иштерди аткарууга милдеттендирилет. Кесиптик-этиканын компетенциясына врачтык сырларды сактоо чектери, өмүргө өтө маанилүү органдарды трансплантациялоо шарттары ж.б. өңдүү татаал проблемалар таандык.

Педагогикалык этика да гумандуулук принциптин негиздерине таянат. Ал мугалимдин жүрүм-турумун ошол мугалимдин кадыр-баркын бекемдегидей, педагогикалык коллективдин күч-аракеттеринин биримдигин камсыздагыдай кылып тескейт. Ошону менен бирге педагогикалык этика –окуучулардын кызыкчылыктарын сактоого багытталган, педагогикалык тилектештиктин ареалын белгилейт. Окуучунун инсандык касиетин урматтоону жана ага талап коюучулукту бирге жүргүзүү принцибин ишке ашырат.

Илим чөйрөсүндөгү кесиптик этика – ааламдагы бардык предметтер менен кубулуштардын реалдуу барлыгын, андагы чындыкты жактоону жана илимдин

жетишкендиктерин адамзаттын рухий жана материалдык таламдары үчүн пайдаланууга жетишүүнү талап кылат. Ал сынды туура кабыл алууга даяр туруучулукту калыптандырат. Изилдөөчүнүн илимий ак ниеттүүлүгүнүн болушун, өзүнүн тууралыгы менен айкалыштырып талап кылат. Илимий кызматкердин этикасы коньюнктуралуулукту, уурдап көчүрүп алуучулукту, тигил, же бул илимий багыттын монополиясын түзүүгө аракеттенүүчүлүктөрдү айыптайт. Ал дискуссияларды жүргүзүү эрежелеринин, илимий артыкчылыкты бекемдөө жолдорунун, кесиптештерине ыраазылык билдирүү формарларынын жана башкалардын системасын чыңдайт.

Социалдык иш – кесиптик ишмердүүлүктөрдүн өзгөчө түрү болуу менен социалдык кызматкердин жүрүм-турумундагы социалдык иш процессинен келип чыккан спецификалык өзүнө гана тиешелүү болгон идеалдар менен баалуулуктардын, принциптер менен нормалардын биримдиги болуп саналат.

Башка кесиптик ишмердүүлүктөрдөн айырмаланып, социалдык иш этикасы социумдун индивидуалдык өзгөчөлүктөрүнө, анын табигый жана социалдык жөндөмдүүлүктөрү менен мүмкүнчүлүктөрүнө, эң негизгиси анын социалдык абалына терең маани берип, түшүнүү менен кылдат мамиле кылуу болуп эсептелинет.

Социалдык иш этикасы социумдун индивидуалдык-субьективдүү өзгөчөлүктөрүнө терең маани берүү менен анын табигый жана социомаданий кемчиликтерине, рухий “өксүктүгүнө” аяр мамиле кылууну, боорукердиктин эмпатиялык чыныгы практикалык карым-катнаштарын жасоону талап кылат.

Социалдык кызмат этикасынын негизги категориялары болуп адистин *кесиптик этикалык мамилеси, этикалык аң-сезими, этикалык кыймыл-аракети* жана *кесиптик парызы* эсептелинет. Аталган категориялар бири-бири менен диалектикалык терең байланышта болуп, бирин-бири толуктап турушат.

Социалдык иштердеги кесиптик этикалык мамиле социалдык кызматкер менен ал өзү иштеген мекеменин, социалдык кызматкер менен клиенттин, социалдык кызматкер менен клиенттин социалдык айлана-чөйрөсүнүн, социалдык кызматкер менен түрдүү социалдык мекеме-уюмдардын, социумдардын ж.б.у.с. ортосунда жүрөт. Социалдык иштердеги кесиптик этикалык мамиленин натыйжалуу, же натыйжасыз болушу социалдык кызматкердин этикалык аң-сезимине байланыштуу болот.

Социалдык кызматкердин этикалык аң-сезими анын рухий – интеллектуалдык субъектиси менен социалдык бытиесинин биримдигинен турган чөйрө аныктап турат [4]. Анда социалдык иш багытындагы билим менен билгичтик, кесиптик-моралдык деңгээл негизги жагдайлардан болуп саналат. Социалдык кызматкердин этикалык аң-сезими анын кесиптик-этикалык кыймыл-аракети, жүрүм-туруму аркылуу иш жүзүндө көрүнөт.

Ал эми социалдык кызматкердин кесиптик-этикалык кыймыл-аракети – анын максатына ылайык келип чыккан жүрүм-туруму, аракети, сүйлөө маданияты, жазма иштери, келбети ж.б.у.с. аркылуу аныкталат. Анда адам жүрүм-турумундагы жаңсоо, мимика, стиль, басык, сүйлөө маданиятындагы – дикция, интонация, темп, динамика ж.б. негизги мааниге ээ. Мында социалдык кызматкердин эстетикалык табитинин, келбетинин ж.б.у.с. көрктүүлүгү, анын этикалык жагдайлар менен жуурулушуп турушу – калокагатиялык деңгээли – социалдык кызматкердин кесиптик-этикалык гармониясын түзө алат.

Социалдык кызматкердин *кесиптик этикалык парызы* – анын негизги кесиптик мүнөзүнө ылайык калыптанган гумандуулукту ишке ашыруу. Социалдык иш процессинде боорукердик, ыймандык (эмпатиялык) деңгээлде чын ыкластан альтруисттик маанайда клиенттин материалдык жана рухий таламдарын аткаруу болуп саналат. Мында социалдык иштеги кесиптик этикалык принциптер маанилүү болуп санадат. Алар: *клиенттин рухий кызыкчылыгын сактоо жана аны коомдук кызыкчылык менен айкалыштыруу; социалдык кызматкердин иштин оң жана терс жыйынтыгына жоопкерчиликти алуу; клиенттин укугуна сый мамиле кылуу; конфиденциалдуулук; ак ниеттүүлүк; ачыктык менен чынчылдык; ишке карата кабыл алынган чечим менен клиентке толук маалымдоо; клиент*

*менен болгон мамиледе алдын ала шектенүүчүлүктү, ишенбөөчүлүктү, арам ойду жок кылуу; социалдык кызматкерлердин жеке өз камын ойлобоочулук ж.б.*

Социалдык иштеги кесиптик-этикалык принциптер негизинен гумандуулук принцибине шайкеш келип, ал дүйнөгө көз караштын тутумундагы адам баалуулуктарын, анын укуктарын, бакытка жана эркиндикке умтулуусун таануу, ошондой эле, адамдын жашоодогу субъективдүү – чыгармачыл, ишкер жөндөмдүүлүктөрүн, талантын жогору баалоо менен, аны ишке ашыруучу социалдык мүмкүндүктөрдү түзүү сыяктуу идеялардын биримдигин камтып турат [5].

Мына ошентип, социалдык иштердеги-кесиптик этикалык баалуулуктар – кесиптик ишмердүүлүктөрдүн өзгөчө түрү болуу менен социалдык жүрүм-турумдагы социалдык иш процессинен келип чыккан спецификалык өзүнө тиешелүү болгон идеалдар менен баалуулуктардын, принциптер менен нормалардын биримдигин камтып турат [6]. Башка кесиптик ишмердүүлүктөрдөн айырмаланып, социалдык иш этикасы социумдун индивидуалдык өзгөчөлүктөрүнө, анын табигый жана социалдык жөндөмдүүлүктөрү менен мүмкүнчүлүктөрүнө, социомаданий деңгээлине, рухий "өксүктүгүнө", эң негизгиси анын социалдык абалына атайын терең маани берип, түшүнүү менен ага карата аяр жана кылдат мамиле кылуучу – субъективдүү иш-аракетти талап кылат.

**Адабияттар:**


1. Акматов Ө.С. (2013). Молло Нияздын гуманисттик философемалары. –Ош:–128б.
2. Кант И. Соч.Т.4.ч.1.-М.,1965.
3. Кодекс этики социального работника Кыргызской Республики. –Бишкек.1996.
4. Schwidetzky, I. (1978). Anthropology as a natural science, Journal of Human Evolution, Volume 7, Issue 6, Pages 489-496, https://doi.org/10.1016/S0047-2484(78)80016-5.
5. Giurgiu, L.R., Marica, M.A. (2013). Professional Values in Social Work Students and Mid-career Practitioners: A Comparative Study, Procedia - Social and Behavioral Sciences, Volume 76, Pages 372-377, https://doi.org/10.1016/j.sbspro.2013.04.130.
6. Р. Умралин, Т. Изязалиев (1983). Этика боюнча сөздүк // И. С. Кондун ред. астында;. – Ф.: Кыргызстан. – б.364